**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЖЕРГЕТАЛ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**
**ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

# ТОКТОМ

**,2023-жыл 3-ноябрь № 26** **Кызыл-Туу айылы**

**Жергетал айыл өкмөтүндө административдик- аймактык реформаны ишке ашыруу жөнүндө**

Жергетал айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеевдин 2023-жылдын 26-сентябрындагы Кызылтуу жана Көк Кашат айылдарында өткөрүлгөн эдик жыйындардын протоколун карап жана талкуулап чыгып Жергетал айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VI сессиясы **токтом кылат:**

1.Талас районундагы административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу боюнча жумушчу тобунун №1 чечими колдоого алынсын.

2.Жергетал айыл аймагында Калба жана Бердике Баатыр айыл аймактарын бириктирүү менен “Беш-Таш” айыл аймагы болуп аталсын.

3.Бириккен Беш-Таш айыл аймагынын борбору Кызыл-Туу айылында жайгашсын.

4.Бириктирилип жаткан айыл аймактын картасын, чек араларын, жайыт жер аянттарын, калкынын санын тактоо иштерин райондук мамлекеттик администрациясында түзүлгөн жумушчу тобу менен иш алып баруу жагы Жергетал айыл өкмөтүнүн башчысы Сакеев Тилек Беренбековичке жүктөлсүн.

5.Токтомду көзөмөлдөө жагы Жергетал айылдык кеңешинин төрагасы Молдояров Жумакадыр Темирбековичке милдеттендирилсин.

6.Токтом Талас райондук мамлекеттик администрациясынын https://talasrai.gos.kg/ веб сайтына жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ж.Молдояров**